## Мектеп психологунун функционалдык милдеттери

**Мектеп психологунун иши төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлөт:**

- Психопрофилактика (психологиялык билим берүү, кесиптик багыт берүү)
- Мониторинг (психодиагностика)
- Оңдоо-өнүгүү багыты
- Психологиялык кеңеш берүү
- Методикалык иш

**Мектеп психологунун кесиптик баалуулуктары/ишенимдери**

* Ар бир адам уникалдуу.
* Ар бир окуучу билим алууга жөндөмдүү жана ар бир окуучу ийгиликке жете алат.
* Ар бир окуучу мектептин психологиялык кызматына ээ болушу керек.
* Мектептерде натыйжалуу психологиялык консультация-бул мектеп психологдорунун, окуучулардын, ата-энелердин, мугалимдердин, администрациянын, башка мектеп кызматкерлеринин жана билим берүү чөйрөсүндөгү кызыкдар тараптардын ортосундагы кызматташуу процесси.
* Купуялуулукту сактоо. ( Конфиденциальность)

**Мектеп психологунун функционалдык милдеттери:**

- Баланын өзүн таанып, өз жолун табуусуна жардам берүү.
- Психолог кеңештери аркылуу баланын өзүн таануусуна, көйгөйлөрдү чечүүсүнө, өзүнө ылайык туура чечим чыгара алуусуна, өз жөндөмүн өстүрүүсүнө, айлана чөйрөсүнө аяр мамиле кылуусуна көмөк көрсөтөт.
- Психолог - мектеп жетекчилиги менен бирге иштешип, жыл ичинде аткарылуучу иштердин планын түзөт.
- Мектептеги административдик жыйынга катышат.
- Пед.кеңешмеге катышат.
- Мектепке психологиялык даярдыктын жетишсиздигин эрте аныктоо максатында балдарды мектептин 1-класстарына кабыл алуусуна катышат.
- Тиешелүү багытка ылайык анкета-тесттерди жүргүзүү үчүн мектеп жетекчилиги менен макулдашат.

- Психологиялык жардам ала турган балдарды тиешелүү медициналык борборлорго багыттайт .(логопед, невропатолог, психотерапевт ж.б)
- Мектептин багыт берүү иштерине катышат.
- Мектеп психологу психопрофилактикалык жана диагностикалык(мониторинг) иштерин жүргүзөт: Педагогдордун, мектеп администрациясынын, окуучулардын ата-энелеринин суроо-

талаптары боюнча инсандык өнүгүү, эмоционалдык-эрктүүлүк өзгөчөлүктөрүн, алардын кызыкчылыктарын, каалоолорун изилдейт.

- Мектеп психологу окуучулардын ата-энелери арасында психологиялык-педагогикалык билимди жайылтат. Ата-энелер үчүн маалыматтык иш-чараларын, ата-энелер жолугушууларына катышуусун, атайын клубдарды, семинарларды, талкууларды өткөрүүнү камтыйт.
- Мектеп психологунун иши методикалык бөлүктү да камтыйт. Психолог илимдин жаңы жетишкендиктерин көзөмөлдөө, теориялык билимин терендетүү, жаңы ыкмалар менен таанышуу үчүн адабият, анын ичинде мезгилдүү басылмалар менен тынымсыз иштеши керек.
  : Практикалык психологдун эмгеги кесиптик деңгээлин туруктуу жогорулатууну талап кылат: семинарларга жана конференцияларга катышуу, адистерди өз ара байытуу, жаңы адабияттарды үйрөнүү, Инсандык өнүгүү, ар кандай тематикалык тренингдерге, топторго, программаларга катышуу.
- Жылдык пландын негизинде, тиешелүү багытка ылайык тематикаларды мектеп жетекчилиги жана класс жетекчилер менен бөлүшөт.
- Окуучулар арасында өз ара байланышы начар, уялчаак, тартынчаак, өзүнө ишене албаган, мектептеги ар кандай ийримдерге, коомдук иштерге катышуудан корккон, сабактарынан ийгилик жарата албаган, тартиби начар балдар менен иштешет.
- Кээ бир окуучулар сабактарынан ийгиликтүү болуп, бирок өз жөндөмүн колдонуу жолун билбеген окуучулар менен да багыт берүү иштерин жүргүзүшөт.
- Психолог-консультант-класс жетекчи менен тыгыз байланышта иштейт. Көйгөйлөрдү талкуулап, чогуу жасала турган иштерди пландайт.
- Мектеп психологу супервизия жана интервизия өтөт.

! ***Мектеп психологу диагноз коюуга укугу жок.*** Эгерде мектептин психологу баланын кандайдыр бир аномалиясына шектенсе, анда аны тиешелүү адистерге жөнөтүшү керек.

! Мектеп психологу ата-энесинин, камкорчусунун жазуу жүзүндөгү макулдугусуз балдар менен ***иштөөгө укугу жок.*** Эгер психолог ата-энесинин макулдугусуз иш жүргүзгөн болсо, анда бул жеке турмушка мыйзамсыз кийлигишүү катары каралышы мүмкүн.

! Мектеп психологу окуучуларды жазалоонун кандайдыр бир түрүнө ***катышууга укугу жок,*** ал окуучуларды эч кандай формада ***баалабайт*** (сынактарга калыстар тобу катары катышпайт, белгилерди койбойт), ошондой эле мектептин иштөө процессин ***көзөмөлдөбөйт*** (мектептин психологуна мектептин нөөмөтчүлүк дайындалбайт).

! Мектептин психологу билим берүү процессине катышкандар үчүн ***психотерапия жүргүзүүгө укугу жок.***

**Функционалдык милдеттери менен тааныштым**

Жанов Жылдызбек ____________________

"09" 09 . __________. **2023-ж**